Макулдашылды:
ОББ_________Кожокматов Б

«БЕКИТЕМИН»
директор_________Боорбек уулу Б

**Шапак Рысмендеев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби**

**Окуучулардын мектеп формасы жөнүндө жобо**

**Максаты:** Кырдаалга ылайык кийинүүнү билген, ийгиликтүү инсанды тарбиялоо

**Милдети**:Окуучулардын жүрүм- турум эрежелерине жана мектептин Уставына ылайык мектептеги жалпы тартипти сактоо.

**1.** Окуучунун сырткы көрүнүшү

Окуучулардын сырткы көрүнүшүнө негизги талаптар:

- Тазалык, тыкандык;
- Баардыгы үчүн кийимдин негизги стандарты: ишкердик стиль;
- Сырткы көрүнүш коомдо кабыл алынган ишкердик стилдин нормаларына туура келиши керек жана туура эмес деталдарды камтыбаш керек;
- Кыздардын узун чачтары өрүлгөн, ал эми орто узундуктагы чачтары чач байлагыч менен жыйналган болуу керек;
- Балдар жана өспүрүмдөр убагында чачтарын тегиздетип туруулары керек (классикалык чач тегиздөө);

**2**.5-класстан 11-класска чейинки мектептик форманын толук сыпатталышы

**2.1**.Балдар жана өспүрүмдөр үчүн: кара же көк костюм жана классикалык үлгүдөгү шым, бир тондуу ак көйнөк.

**2.2.**Кыздар үчүн: тизеден өйдө болбогон классикалык үлгүдөгү юбка(кыш мезилинде кара классикалык шым) , бир тондуу ак блузка.

**3.** 1-4-класска чейинки мектептик форманын толук сыпатталышы

**3.1**.Республикалык деңгээлдеги талапка ылайык мектеп формасын кийишет.

**3.2**.Спорттук форма: Бардык окуучулар дене тарбия сабагы үчүн спорттук форманы жана спорттук бут кийимди кийүүлөрү керек.

Болбойт: дене тарбия сабагына мектептик формада, джинсы жана спорттук эмес бут кийим менен катышууга.

**3.3.**Окуу учурунда төмөнкү кийимдердин жана бут кийимдердин варианттарын кийүүгө тыюу салынат:

- Терең көнүлдү бурдура турган көзгө комсоо адаттан тышкары бөлүктөр, жылтырак жиптер, ошондой эле өтө ачык өңдөр кийимде жана бут кийимде болбошу керек;
- Ар кандай өңдөгү джинсы;
- Өтө денеге чапталган, фигураны көрсөткөн юбка, шым жана лосиналар;
- Далыны жана курсакты көрсөткөн өтө кыска блузкалар;
- Мини-юбкалар ( тизеден 10см өйдө узундуктагы);

Сканировано с CamScanner

- Декольтеси ачык блузкалар;
- Өтө жука юбка менен блузкалар, ошондой эле жука курактары бар кийимдер;
- Ич кийим жана джинсы стилиндеги кийимдер;
- Ар кандай пулеверлер жана токулган кофталар;
- Спорттук кийим (спорттук костюм жана анын бөлүктөрү), спорттук бут кийим;
- Активдүү эс алуу үчүн кийимдер (кыска шым, майка, футболка ж.у.с.);

**3.4.**Тыюу салынат: адаттан тышкары чач тегиздетүүлөр, чачтарды ачык, табыгий эмес өңдөргө

боѐгого.

**3.5**.Ачык макияжга тыюу салынат: кирпиктерди, көздөрдү эринди боегон жана ачык маникюр.

**3.6**.Кийимдин бөлүгү катары оор брошкаларды, чынжырларды, шакек, кулон, сөйкө, шарф,

жамынма, палантиндерди колдонууга уруксаат эмес.

**3.7**.Пирсинг, ошондой эле коомго туура келбеген формалдуу эмес жаштардын бирикмелеринин

символикаларынын аксессуарларына уруксаат эмес.

Сканировано с CamScanner